# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АЙЫЛ ТУРГУНДАРЫНЫН СОЦИОМАДАНИЙ ИДЕНТТҮҮЛҮГҮ

**СУЛЕЙМАНОВА Н.**

*Кыргыз-Түрк «Манас» университети*
**УДК.: 316.7(575.2)(04)**

***Аннотация:*** *Макала учурдагы Кыргызстандын айыл тургундарында социомаданий иденттүүлүктүн өзгөрүү процессин аныктоого багытталды. Айыл тургундарынын социомаданий иденттүүлүгүн аныктоодо социологиялык изилдөө жүргүзүлдү.*

*Эмгекте ааламдашуу процессинин айыл тургундарынын күнүмдүк турмуш-тиричилигине жана маданий баалуулуктарга тийгизген таасирине, социомаданий иденттүүлүктүн өзгөрүү багыттарына көңүл бурулду. Кыргызстандын эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки өлкөдөгү дүйнөлүк, мамлекеттик жана коомдук деңгээлдеги түрдүү окуялардын канчалык деңгээлде айыл тургундарын эс-тутумундагы калып, кандайдыр бир тарыхый баалуулук катары баалангандыгы аныкталды.*

*Ошону менен катар айыл тургундары менен шаардыктардын күнүмдүк турмуш тиричиликке канааттануу сезимдери менен салыштырылып анализденди.*

*Жалпысынан, изилдөөгө 2000 респондент катышты. Алардын ичинен 66.4% айылда жашайт жана көпчүлүк бөлүгүн кыргыздар түзөт. Макалада айылдыктардын социомаданий иденттүүлүгүнө байланышкан социологиялык изилдөөнүн жыйынтыктары берилди.*

***Урунтуу сөздөр:*** *Кыргыз**,** маданият, коом, айыл, иденттүүлүк, социологиялык изилдөө.*

***Аннотация:*** *Статья посвящена к изменениям процесса социокультурной идентичности сельских жителей Кыргызстана в современности. При определении социокультурной идентичности сельских жителей было проведено социологическое исследование.*

*Основное внимание было уделено на влияние глобализации в повседневную жизнедеятельность сельчан, изменению направлений социокультурной идентичности. После приобретения независимости Кыргызстаном какие же события, произошедшие на мировом, государственном и общественном уровнях остались в памяти сельчан и были определены как исторические ценности.*

*Вместе с тем, были сравнены и проанализированы чувство удовлетворенности сельчан и горожан повседневной жизнью.*

*В целом в исследовании участвовали 2000 респондентов. Из них 66.4% проживают в сельской местности и большую часть из них составляют кыргызы. В статье даны результаты социологического исследования, касающиеся социокультурной идентичности сельчан.*

***Ключевые слова:*** *Кыргызстан, социум, культура, идентичность, село, социологическое исследование.*

***Abstract:*** *The article is devoted to changes in the process of current socio-cultural identity of the rural population of Kyrgyzstan. Sociological research was conducted in order to determine the socio-cultural identity of rural residents.*

*This paper focuses on the impact of globalization in the everyday life of the villagers, changing the direction of socio-cultural identity. What events taking place at the global, national and community level, dwelling in villagers' memory and appreciated as historical values was defined in this research.*

*The sense of satisfaction of villagers and city dwellers daily life were compared and analyzed at the same time.*

*In general, 2000 respondents took part in the study. 66.4% of them live in rural areas and most of them are Kyrgyz. The article presents the results of sociological studies on socio-cultural identity of the villagers.*
***Key words:*** *Kyrgyzstan, society, culture, identity, village, sociological research.*

Кыргызстан көп улуттуу өлкө катары белгилүү. Бүгүнкү күндө Кыргызстандын калкынын саны 5 миллион 663 миң 100, анын 66,4 % айыл жергесинде жашаса, 33,6 % шаар тургундары. Кыргызстандын титулдук калкын кыргыздар түзүшөт (72,4%), андан кийинки орунда өзбектер (14,4%), үчүнчү орунда орус эли (6,6%) турат. [1]

2011-2012-жылдары Кыргыз-Түрк «Манас» университети тарабынан «Цивилизация шартында түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу социологиялык пилоттук долбоор жүргүзүлдү. Долбоорго жалпысынан 2000 респондент катышты, алардын 1328и башкача айтканда 66,4% айылдын тургандары болушту.


Кыргызстандын айыл жергесинде жашаган кыргызстандыктардын социомаданий иденттүүлүгүн аныктоодо стандартташтырылган жарым-жартылай сурамжылоо методу колдонулду. Сурамжылоодон алынган алгачкы материалдар SPSS 16.0 компьютердик программада иштелип, анализденди.

СССРдин кулашы менен Кыргызстан эгемендүү мамлекет катары дүйнөлүк картадан орун алды жана социалдык-экономикалык, саясий, диний жана маданий жактан көптөгөн өзгөрүүлөр, өнүгүүлөр, ошондой эле жаңылануулар болууда.

Кыргызстанда жашаган кыргыздар жана башка этностор айылда жашаса да, шаарда жашаса да өздөрүнүн улуттук жана диний майрамдарын ээн-эркин майрамдай алышат, ошондой эле каада-салттарын жана үрп-адаттарын аткарууда тыюу салынбайт. Ошол эле учурда социалдык жана маданий жактан замандын талабына жараша өзгөрүү процесстерин баштарынан өткөрүп жатышат. Натыйжада кыргызстандыктар, өзгөчө айыл тургундары жаңыдан социомаданиятты жаратышты. Социомаданият дегенде күнүмдүк тиричилик менен маданияттын жуурулушунан келип чыккан процессти түшүнүүгө болот.

Советтер союзунун 70 жылдык тарыхы Кыргызстанда жашаган бир канча улуттун башын бириктирип, туугандык, кошуналык жана достук мамилелеринин чыңдалышына алып келди. Изилдөө учурунда респонденттерге «Сиз үчүн Совет доорундагы Кыргызстанда эң маанилүү болгон окуяларды атасаңыз?» деген суроону узатканыбызда төмөнкү картина пайда болду. (Караңыз: диаграмма 1).


Диаграмма 1




Айыл жеринде жашаган респонденттер СССРдин учурунда болгон кандуу Улуу Ата мекендик согуштун жеңиши менен сыймыктанарын билдиришти. Согушка улутуна, жердигине карабай бардык СССРдик жарандар катышып, мекен үчүн салгылашканы союздук биримдикти бекемдегени айкын болду. Андан кийинки маанилүү окуя катары агартуу системасынын жакшырышы, коммунисттик партиянын күчү, идеологиясы, завод-фабрикалардын иштеши, элдин иш менен камсыз болушу, социалдык теңчилдик ж.б. СССРдин тарыхындагы жагымдуу окуялар катары эстей аларын айтышты. Демек, кыргызстандыктарда советтик иденттүүлүктүн таасири, советтик маданият, советтик социалдык абал, башкача айтканда, респонденттердин советтик иденттүүлүккө болгон сый мамилесинин сакталгандыгы байкалды.

Союздун кулаганы курамындагы өлкөлөрдү социалдык-экономикалык жана саясий каатчылыкка туушуктурду, бирок улуттук жүздүн таанылышына шарттар түзүлө баштады. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары бир башкаруу системасынан экинчи бир башкаруу системасына өткөндүктөн жашоо-тиричилик кыйындап, адамдар материалдык жана руханий жактан деградацияга дуушар болушту. Сурамжылоо учурунда «Сиз үчүн 1991-2005-жылдардагы (Акаевдик мезгил) Кыргызстанда болгон эң маанилүү окуяларды атасаңыз?» деген суроону бергенибизде респонденттерден төмөнкүдөй жоопторду алдык. (Караңыз: Диаграмма 2).

Диаграмма 2




Жогорудагы диаграммадан көрүнүп тургандай, *эгемендүүлүк* Кыргызстандын тарыхында маанилүү окуялардын башатында турду. Андан кийинки орунда улуттук валютанын, сомдун колдонууга кириши, өлкөнүн символдорунун (гимн, герб, туу) кабыл алынышы кыргызстандыктар үчүн жагымдуу маанайды тартуулады. Улуттук символдор жарандардын улутуна жана этносуна карабастан, мамлекеттик биримдикте кармап турат. Улуттук символдор боюнча Парамонова: «Кризис учурунда жаңы саясий элита идентификациялык-интегративдик мүнөздөгү функцияны аткарууга жөндөмдүү болгон символикалык системаны калыптандырганга аракет кылат. Символдор улуттук аң-сезимдин негизинде калыптанат жана символдордун калыптанышы коомдогу биримдикти камсыздайт [2] деген пикирин жазган. Кийинки учурда Кыргызстандын улуттук символдору боюнча айрым бир талаш-тартышты жараткан жагдайларын эске албаганда, дээрлик кыргызстандыктар мамлекеттик символдор менен сыймыктанарын билдиришти.

Ошондой эле «Манас» эпосунун 1000 жылдыгынын мамлекеттик деңгээлде белгилениши улуттук жана маданий жактан Кыргызстандын дүйнөгө таанылышына шарт түзүлсө, ошол эле учурда жан дүйнөнү козгогон, өзгөчө сөздү барктаган, кадырлаган кыргыз эли үчүн маанилүү окуялардын катарына кирди.

КР Конституциясы дагы айыл жеринде жашаган эл үчүн мыйзамдын түзүлүшү, тартиби сыяктуу кабыл алынганын айтышты.

Кыргызстандагы эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары айыл болсун, шаар болсун, социалдык-экономикалык жактан өтө оор абалды баштарынан өткөрдү. Коллективдештирүү саясатында жашаган карапайым эл, өзгөчө союздун 5 жылдык планы менен мамлекетине кызмат өтөп келген айылдын тургундары менчиктештирүү саясатын терс маанайда кабыл алды. Мамлекеттик мүлктү бөлүштүрүү, талап-тоноочулук күч алганын респонденттер белгилешти. Аны менен катар саясий каатчылык, экономикалык каатчылыктын узакка созулушу, социалдык абалдын төмөндөшү ж.б.у.с. окуялар эсте калгандыгын айтышты.

Бүгүнкү күндө кыргызстандыктарды бир-бирине тыгыз байланыштырып турган фактор алардын социалдык абалы. Социалдык абал адамдардын улутуна, динине, жашына, жынысына карабаган жашоо-тиричиликтеги күнүмдүк маселелер. Учурда айыл жергесинде жашаган жарандарыбыздын социалдык статусуна жана материалдык абалына канчалык деңгээлде канааттангандыгын билүү үчүн «Күнүмдүк жашоо шартыңызга канчалык денгээлде канааттанасыз?» деген суроо берилди. (Караңыз: Таблица 1)

Таблица 1

| **Күнүмдүк жашоонун аспектилери** | **Жаша ган жери** | **Толугу менен канат танам** | **Жарым-жартылай Канат танам** | **Эч канат тан байм** | **Айта ал байм** |
|---|---|---|---|---|---|
| Сиздин үйүңүзгө (жашаган турак-жайыңызга) | Шаар | 51,4 | 39,7 | 5,6 | 3,3 |
| | Айыл | **52,0** | 37,1 | **8,2** | 2,6 |
| Сиздин тамактануунузга | Шаар | 67,5 | 28,2 | 2,7 | 1,6 |
| | Айыл | **63,7** | 29,1 | **5,1** | 2,1 |
| Сиздин ичкен суунузга | Шаар | 63,0 | 29,4 | 6,3 | 1,3 |
| | Айыл | **63,7** | 24,8 | **10,4** | 1,0 |
| Сиз жашаган жердин аба-ырайына | Шаар | 65,5 | 26,8 | 6,5 | 1,2 |
| | Айыл | **73,5** | 20,0 | **4,3** | 2,2 |
| Сиз жашаган жердин коопсуздугуна | Шаар | 35,0 | 43,8 | 14,4 | 6,8 |
| | Айыл | **45,6** | 35,2 | **12,8** | 6,4 |
| Сиз жашаган жердеги коомдук транспорт кызматына | Шаар | 28,8 | 42,6 | 24,4 | 4,3 |
| | Айыл | **33,4** | 40,0 | **23,1** | 3,6 |
| Өзүңүздүн ишиңиз/окууңуз/ негизги жумушуңуз менен | Шаар | 43,9 | 42,1 | 9,5 | 4,5 |
| | Айыл | **44,6** | 36,7 | **12,9** | 5,8 |
| Өзүңүздүн билимиңизге | Шаар | 46,5 | 40,6 | 8,5 | 4,4 |
| | Айыл | **46,5** | 39,8 | **9,8** | 3,8 |
| Сиздин эс алууңузга | Шаар | 31,2 | 44,5 | 18,2 | 6,1 |
| | Айыл | **32,7** | 41,1 | **21,5** | 4,6 |
| Бош убактыңызды өткөзүүгө | Шаар | 32,0 | 45,0 | 16,8 | 6,3 |
| | Айыл | **32,9** | 39,4 | **21,1** | 6,6 |
| Өзүңүздүн жеке кирешеңизге | Шаар | 26,0 | 43,9 | 23,3 | 6,8 |
| | Айыл | **25,4** | 44,8 | **23,7** | 6,2 |
| Үй-бүлөңүздүн азыркы финансылык абалына | Шаар | 28,2 | 51,1 | 16,4 | 4,3 |
| | Айыл | **32,0** | 46,7 | **16,7** | 4,6 |
| Жашоо турмушуңузду жалпысынан алганда | Шаар | 40,2 | 47,9 | 5,9 | 6,0 |
| | Айыл | **41,9** | 45,4 | **7,8** | 5,0 |

Таблицадан айылдык жана шаардык тургундардын социалдык статусу менен материалдык абалын салыштыруу аркылуу айылда жашаган респонденттердин социомаданий идентүүлүгүн аныктоону туура көрдүк. Жогоруда берилген бир нече суроонун ичинен алган пайыздык үлүшү боюнча маанилүү эсептелген суроолорго токтололу.

Респонденттерге «Сиздин үйүңүзгө (жашаган турак-жайыңызга)» канчалык деңгээлде канааттанасыз деген суроого шаардыктардын 51,4% толугу менен канааттанам десе, ушу эле суроого айылдыктардын 52,0% түздү. Айылдык респонденттер менен шаардык респонденттердин жообунда бир аз гана айырма болсо дагы айылдыктардын канааттануусу көбүрөөк деп айта алабыз. Ушул эле суроого эч канааттанбайм деген жообунун көбүн (8,2%) дагы айылдык респонденттер тандашты. Чындыгында эле, айыл жеринде жамааттык, топуктуулук психологиясы күчтүү сакталганы менен, шарттын жоктугун, оор социалдык абалды респондеттердин жообунан аңдоого болот.

Ааламдашуу процессинде өнүккөн өлкөлөрдүн ортосундагы саясий, экономикалык, технологиялык жарыштардын күч алышы айлана-чөйрөгө терс таасирин тийгизди. Өзгөчө мегаполистерде, шаарларда абанын булганышы, автомобилдердин көбөйүшү адамдын өмүрүнө кооптуулукту жаратып жатканы чындык. Респонденденттер дагы жашаган жеринин аба-ырайына толук канааттанбагандыктарын билдиришти. Алардын ичинен өзгөчө шаардыктар 6,5% түзсө, ушул эле жоопту айылдыктардын 4,3% түздү. Айылда шаарга салыштырмалуу транспорт аз каттайт, жүк ташуучу машинелердин аздыгы, жеңил жана жакынкы аралыктагы жүктөргө эшек араба, ат арабалардын колдонушу абанын булганынышы олуттуу таасир бербегендигин айтууга болот.

Илимде бош убакытты өткөрүү боюнча бир канча эмгектер жазылган. Бош убакытты өткөрүү – иш убактысынан тышкары белгилүү бир өндүрүмгө багытталбаган, өзүнүн өнүгүүсү же социалдашуусу үчүн бош убактысын арнаган ишмердүүлүк [3]. Кыргызстанда илим катары кеңири тарабаганы менен практикалык жүзүндө адамдардын маанилүү муктаждыктарынын бири. Респонденттерде бош убактыңызды өткөрүүгө канааттанасызбы деген суроону узаткыныбызда 16,8% шаардыктар эч канааттанбагандыгын билдирсе, ушул эле жоопту айылдык респонденттердин 21,1% тандашты. Демек, айыл жергесинде эс алуу, бош убакытты өткөрүү ж.б. ушул сыяктуу шарттардын түзүлбөгөндүгү аныкталды. Чындыгында айылда социалдашуу өтө тездик менен жүрөт, ошондой эле шаардын тургундарына караганда айылдын эли диалогго ачык, жардам берүүгө, жардам алууга муктаж болушат. Социалдашуунун натыйжасында бир-биринен маданиятты тезинен үйрөнүшөт. Ошентип, социалдык муктаждыктардын негизинде күнүмдүк маданияттын эрежелери ортого келип чыгат. Социолог П. Сорокин социомаданият боюнча П.Сорокин «Коом, маданият жана личность: алардын түзүлүшү жана динамикасы» (1947) аттуу китебинде терең анализдеген. Социомаданий кубулуштардын «уруулук түзүлүшүнө» дыкаттык менен анализ жүргүзүп жатып, «личность, коом жана маданият бири-биринен ажырагыс триада» деген формуласын изилдөөсүнүн жыйынтыгына чыгарган. [4] Учурда коомдо болуп жаткан социалдык жана маданий муктаждыктардан келип чыккан өзгөрүүлөр кыргыз коомунун иденттүүлүгүндө маанилүү орду бар.

Айылдык жана шаардык тургундардын социомаданий иденттүүлүгүндөгү айырмачылыктар алардын жашоо образынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу. Немец социологу Ф. Тённис белгилегендей, «жамааттык» түшүнүгү дыйканчылыкка багытталган, ал эми «коомдук» түшүнүгү индустриалдуу шаардык коомчулукту туюндурат. [5] Жамааттык түшүнүк үстөмдүк кылган социумда адамдардын ортосудагы мамиле бекем болот, бир-бирине ишенишет, жашоодогу принциптери жамааттын журум-турумуна туура келет. Айыл тургундарында терең билим болбогону менен айлана-чөйрөгө, кошуна, тууганга ишенүү, аларга жардам берүү же тескерисинче жардам алуу сыяктуу мамилелерде тыгыз карым-катнаш бар. Туугандык мамиле бекем болуп, жакшылык-жамандыкта дайыма колдоп турушат. Жамааттык мамиледе социалдашуу тез жүрөт, бирок жашоосуна жаңылык (экономикалык, технологиялык ж.б.) киргизүүдө кооптонуу сезимдери бар. Ал эми шаардыктар бир-бири менен формалдуу-рационалдуу түрдө мамиледе болушат, бардык нерсенин эсебин чыгарып турушат, ошону менен катар көпчүлүк учурда чоочун мамиле басымдуулук кылат.

Корутундулап айтканда, айыл тургундарынын социомаданий иденттүүлүгү катары алардын жашоодо болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кабыл алып жатканы байкалды. Муундардын алмашышы менен советтик иденттүүлүктүн дагы орду бошоп, анын ордуна жаңыдан ааламдашуунун негизинде пайда болгон социомаданий иденттүүлүктүн калыптанып жатканы аныкталды.

Иденттүүлүк иденттештерүү процессинин натыйжасында жыйынтыкталган, аныкталган мүнөздөмө болгондуктан, дагы бир канча убакыт өткөндөн кийин кыргыз коомундагы социомаданий иденттүүлүктүү циклдүү изилдөө керек экендиги билинди.

**Адабияттар:**

1. Кыргызстан цифраларда. Статистикалык жыйнак. – Б.: 2011. - 27

2. Парамонова, В.А. (2012), “Старые и новые символы в формировании гражданской идентичности в современной России”, *Философия. Культурология. Политология. Социология*, том 24 (65), № 1-2, – с. 296.

3. http://www.wikiznanie.ru/ru-wz/index.php/%D0%94%D0%BE%D1%81%D1%83%D0%B3 Режим доступа – 13.11.2014

4. Сорокин П. Человек. Цивилизация. Общество. - М.: Политиздат, 1992. – с. 218.

5. Добреньков В.И., Кравченко А.И. История зарубежной социологии. Электронный ресурс: Библиотека РГИУ. URL: http://sbiblio.com/biblio/archive/dobrenkov_istorija/05.aspx (дата обращения: 22.03.2013